**«БЕКИТЕМИН»**
**Ж. Баласагына атындагы КУУнун**
**биринчи проректор – окуу иштери**
**боюнча проректор биология**
**илимдеринин кандидаты, доцент**
**_______________ А.Б. Шамшиев**
**«_____» ______________ 2024 г.**

# АКТ
## илимий - изилдөө иштеринин натыйжаларын киргизүү актысы

1. **Киргизүү автору:** Жунушова Сайкал Орозовна
2. **Илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларынын аталышы**: докторлук диссертация 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча "Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы, келечеги" аттуу темага арналган.
3. **Кыскача аннотация:** Диссертациялык эмгекте белгиленгендей жаштардын өнүгүшү социалдык-демографиялык топ катары ар-кандай социалдык көйгөйлөргө, карама-каршылыктарга кабылып туруучу учур. Демек, алардын арасында социалдык иштерди өз убагында уюштуруу зарыл. Жаштар менен социалдык иштерди уюштуруу инсандын социалдык калыптанышына, анын бардык түрдөгү эркиндиктерге ээ болушуна, коомдун турмушуна толук кандуу катышуусуна өбөлгө түзөт. Азыркы мезгилде жаш муундун көпчүлүк учурда ишенимдүү социалдык багыты татаалдашып, анан кесепетинен жаштардын социалдашуусу жашоо жолунун калыптанышынын салттуу формаларынын бузулуу шартында өтүп жатканы - бул өзгөчө жаш муун үчүн оор тарыхый шарт болуп калууда. Ошондуктан жаштардын адеп-ахлактык тандоо жасоо жөндөмүнүн калыптанышы үчүн көмөктөшүү абдан керектүү иш-чаралардын бири. Жаштардын жаңы коомдук мамилелерге кошулууга даярдыгын калыптандырууга жардам берүү керек. Турмуштук стратегияларды тандоо кырдаалдарында жаштарды социалдык-педагогикалык колдоо, жаштардын конкреттүү турмуштук жагдайларын эске алуу менен турмуштук максаттарды жана аларга жетүү каражаттарын долбоорлоодо өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө, муктаждыктарына, кызыкчылыктарына, турмуштук артыкчылыктарына, баалуулук багыттарына көмөктөшүү максатка ылайыктуу. Ушуга байланыштуу жаштардын социалдык көйгөйлөрүнө көңүл бурууну күчөтүп, жаш муундар менен иштөөнүн негизги каражаттарын, формаларын, методдорун жаңылантып туруу керек. Жаштар менен социалдык ишти уюштурууда анын жаратман дараметин көрсөтүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө, кесиптик, коомдук, үй-бүлөлүк, эс алуу чөйрөлөрүндө

жаштардын субъекттик позициясын калыптандырууга багыт алуу зарыл. Жаштардын социалдык-демографиялык топ катары калыптанышы жана өнүгүшү үчүн социалдык-экономикалык, укуктук, уюштуруучулук шарттарды жана кепилдиктерди түзүү, коомдун жана инсандын кызыкчылыктарында жаштардын чыгармачылык потенциалын кыйла толук ишке ашыруу боюнча мамлекеттик жаштар саясатын реалдуу практикалык колдоо катары жүзөгө ашырылууга тийиш.

4. **Киргизүү эффектиси:** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары аркылуу студенттерге социалдык долбоорлорду жазуу, жаштардын ар кандай категорияларынын чөйрөсүндө социалдык иштерди уюштуруу үчүн зарыл болгон көндүмдөргө ээ болушат: бул жаш үй-бүлөлөр, динге ишенген жаштар, айылдык жаштар жана жаш эмгек мигранттар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүгө мүмкүндүк алышат. Студенттер жаштардын социалдык калыптанышы жана өнүгүшү үчүн социалдык-экономикалык, укуктук, уюштуруучулук шарттарды жана кепилдиктерди түзүү, мамлекеттик жаштар саясатын реалдуу практикалык ишке ашыруу көндүмдөрүн үйрөнүүгө мүмкүндүк алышат.
5. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары Ж. Баласагын атындагы улуттук университеттин социология жана социалдык иштер кафедрасында 2021-2022-окуу жылында киргизилген.
6. **Киргизүү формасы:** изилдөөнүн натыйжалары, диссертациялык иште камтылган теориялык жана практикалык сунуштар, “Жаштарга карата социалдык иштер” аталыштагы окуу предметин киргизүүдө жана ал сабак боюнча илимий-методикалык комплексин иштеп чыгууда колдонулган. Бул курс социология жана социалдык иштер кафедрасында “Социалдык иштер” багыты боюнча ЖОЖдук компонент катары окутулуп жатат.

*Социалдык– гуманитардык институттун директору, психология илимдеринин кандидаты, доцент* Камчыбек уулу Мырзабек

*Социология жана социалдык иштер кафедрасынын башчысы, социология илимдерининин кандидаты, доцент* А.Р. Жусубалиев

*Социология илимдеринин кандидаты, Социология жана социалдык иштер кафедрасынын доценти* Б. М. Кошбакова